**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**

**ЖАЛАЛ-АБАД**
**ШААРДЫК ДЕПУТАТТАР**
**КЕНЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**

**ЖАЛАЛ-АБАДСКИЙ**
**ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ**
**ДЕПУТАТОВ**

**«05»-сентябрь 2025-жыл**

**X чакырылыш**
**кезексиз XIV сессия**

**ТОКТОМ №1 ПОСТАНОВЛЕНИЕ**

**Жалал-Абад шаарындагы үн басымынын жана ызы чуунун белгиленген деңээлдери жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын “Тынчтык жөнүндө” мыйзамына, Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 24-февралындагы “Кыргыз Республикасында үй-бүлөлүк салтанаттарды жана маркумду эскерүү үрп-адаттарын тартипке келтирүү боюнча чаралар жөнүндө” №54 Жарлыгына ылайык, Жалал-Абад шаарынын мэриясынын 22.08.2025-жылдагы чыг.№01-18/5221 сандуу катынын негизинде, Жалал-Абад шаардык депутаттар кеңешинин кезексиз XIV сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Кыргыз Республикасынын 2024-жылдын 6-декабрындагы №194 “Тынчтык жөнүндө” мыйзамы менен иштөө, тургундарга түшүндүрүү иштерин алып баруу Жалал-Абад шаарынын мэрине (Э.Ормоков) милдеттендирилсин.

2. Төмөнкү убакыт аралыгында үн басымынын жана ызы чуунун белгиленген деңээлдерин ашууга жол берилбейт деп белгиленсин:

-жумуш күндөрү саат 22:00дөн 07:00гө чейин;

-дем алыш жана майрам күндөрү саат 22:00дөн 09:00гө чейин.

3. Жалал-Абад шаарынын мэрине (Э.Ормоков) өз ишмердүүлүгүндө ушул токтомду жетекчиликке алып иш алып баруу жагы милдеттендирилсин.

4. Ушул токтомду Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине мамлекеттик реестрге киргизүүгө жиберүү жагы шаардык кеңештин жооптуу катчысына (Г.Осмонова) милдеттендирилсин.

5. Ушул токтом Жалал-Абад шаарынын www.jalal-abad.gov.kg расмий сайтында жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

**Төрага** **Болотов Н.Б.**